

Ошондон кийин Рим аскерлери көргө мөөр басып, аны кайтарышты. Ага эч ким кире алмак эмес жана андан чыга алмак эмес.

19



Окуя ушуну менен аяктап калса, абдан кайгылуу болмок. Бирок Кудай сонун бир нерсе кылды. Ыйса өлгөн бойдон калган жок!

20

# Биринчи Пасах





Жуманын биринчи күнү эртең менен эрте, Ыйсанын кээ бир шакирттери көрдүн оозунан таштын жылып калганын көрүштү. Алар көрдүн ичин карашса, Ыйса ал жерде жок экен.

21



Бир аял көрдүн жанында ыйлап турган. Ыйса ага көрүндү! Ал башка шакирттерге: "ЫЙСА ТИРҮҮ! ЫЙСА ӨЛҮМДӨН ТИРИЛДИ!" – деп айтуу үчүн шашылып чуркап келди.

22



Көп өтпөй Ыйса шакирттерине келип, мык менен тешилген колдорун көрсөттү. Бул чындык болчу. ЫЙСА КАЙРАДАН ТИРҮҮ ЭЛЕ! Петирди Өзүнөн баш тарткандыгы үчүн кечирип, шакирттерине бардык элдерге Өзү жөнүндө айтууну буйруду. Ошондон кийин Ал Өзү келген асманга кайрадан көтөрүлүп кетти.

23

Биринчи Пасах

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китептерде

Матай 26-28, Лука 22-24, Жакан 13-21

"Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет."
Забур 119:130


Эдвард Хьюс тарабынан жазылган
Сүрөттөр Жени Форест тарабынан тартылган

Christian Lingua тарабынан которулган
Лин Дорксен тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн


Аңгеме 60/54


**M1914.org**

**Bible for Children, PO Box 3, Winnipeg MB R3C 2G1 Canada**



Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.


Кудай, биз күнөө деп аталган жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм.

Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн Өзүнүн Уулун, Ыйсаны, биздин жазабызды төлөш үчүн айкаш жыгачка өлүмгө жиберди. Ыйса тирилип, кайрадан асманга көтөрүлүп кетти! Эми Кудай биздин күнөөлөрүбүздү кечире алат.

Эгер күнөөлөрүңдү таштагың келсе, Кудайга мындай деп айт: Кымбаттуу Кудай, мен Ыйса мен үчүн өлүп, азыр тирүү экенине ишенем. Суранам, менин жашоомо келип, күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, кийин Сени менен түбөлүк боло алам. Сен үчүн Сенин балаң катары жашаганга жардам берчи. Оомийн. Жакан 3:16

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөшүңүз!

Кыргызча

Kyrgyz



Бир айым ызы-чуу болгон дөңсөөнүн боорунда үрөйдү учурган окуяны карап турду. Анын уулу өлүп бараткан. Бул уулдун энеси Мариям эле, ал Ыйса айкаш жыгачка керилген жерде турду.

1



Бул кандайча мүмкүн болду? Кантип Ыйсанын суктанарлык жашоосу ушундай жаман аяктамак? Кантип Кудай Өз Уулун айкаш жыгачтагы өлүмгө берип койду? Ыйса Өзүнүн ким экендигин билбей адашып калдыбы? Кудай жаңылдыбы?

2


Жок! Кудай жаңылган жок. Ыйса эч адашкан эмес. Ыйса башынан эле кудайсыздар Аны өлтүрөрүн билген. Ыйса наристе кезинде эле Шымыйон деген карыя Мариямга бул кайгылуу баянды айтып берген.
3
Ыйса өлтүрүлөөрдөн бир нече күн мурун, бир аял келип Анын бутуна жыпар жыттуу май сыйпады. Шакирттери: “Ал акчаны ысырап кылып жатат”, – деп арызданышты. Ыйса болсо: “Ал жакшы иш кылды, ал мени көргө коюуга даярдады”, – деди. Бул кандай таң калыштуу сөздөр болгон.
4
Ошондон кийин, Ыйсанын он эки шакиртинин бири Жүйүт, Ыйсаны ыйык кызмат кылуучуларга 30 күмүш тыйынга сатып, чыккынчылык кылууга макул болду.
5
Жүйүттөрдүн Пасах майрамында Ыйса шакирттери менен акыркы кечки тамакты жеди. Ыйса аларга Кудай жөнүндө сонун нерселерди жана Кудайды сүйгөндөргө Анын убадалары жөнүндө айтып берди. Андан кийин Ыйса аларга нан менен шарапты бөлүштүрүп берди. Нан менен шарап аларга күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн берилген Ыйсанын денеси менен канын эстетүү үчүн берилген.
6
Ошондон кийин Ыйса досторуна Өзүнө чыккынчылык кылынарын, алар болсо качып кетерин айтты. Петир: “Мен качпайм”, – деп ишенимдүү айтып жатты. “Корооз кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың”, – деди Ыйса.
7
Ошол түнү кечирээк Ыйса Гетсемани багына сыйынуу үчүн барды. Аны менен жүргөн шакирттер уктап калышты. “Оо, Ата, – деп сыйынды Ыйса. – Эгер кааласаң бул чөйчөк менден кыя өтүп кетсинчи. Бирок Менин эрким эмес, Сенин эркиң болсун”.
8
Күтүлбөгөн жерден бакка Жүйүт ээрчиткен, топтошкон адамдар кирип келишти. Ыйса каршылык көрсөткөн жок, бирок Петир бирөөнүн кулагын шыла чаап салды. Ыйса анын кулагына акырын тийип, айыктырып койду. Ыйса Өзүнүн камакка алынышы Кудайдын эрки экенин билген.
9
Топтошкон адамдар аны башкы ыйык кызматчынын үйүнө алып барышты. Ал жерде жүйүт жетекчилери, Ыйсанын өлүшү керектигин айтышты. Жакын жерде Петир кызматчылар жылынган оттун жанына туруп алып карап турду.
10
Үч жолу адамдар Петирди тигиле карап: “Сен Ыйса менен жүрчүсүң!” – дешти. Петир Ыйса айткандай эле үч жолу Андан баш тартты. Петир атүгүл карганып, ант берип жиберди.
11
Ку-ка-ре-кууу
Ошондон кийин дароо корооз кыйкырды. Бул Петир үчүн Кудайдын үнүндөй болду. Петир Ыйсанын сөздөрүн эстеп, өксүп ыйлады.
12
Жүйүт дагы кылганына өкүндү. Ал Ыйса эч бир күнөө, эч бир кылмыш кылбаганын билген.
13
Жүйүт 30 күмүш тыйынды алып келди, бирок ыйык кызмат кылуучулар аны албай коюшту. Жүйүт акчаны ыргытып жиберип, сыртка чыгып, асынып өлдү.
14
Ыйык кызмат кылуучулар Ыйсаны Рим башчысы Пилаттын алдына алып келишти. Пилат: “Мен бул адамдан эч кандай айып таппкан жокмун”, – деди. Бирок топтошкон эл: “Аны айкаш жыгачка керип сал! Айкаш жыгачка керип сал!” – деп кыйкырып жатышты.
15
Акыры Пилат макул болуп, Ыйсаны айкаш жыгачта өлүм жазасына тартты. Аскерлер Ыйсаны уруп, Анын бетине түкүрүп, сабашты. Алар узун тикенектүү бутактардан таажы жасап, Анын башына басып кийгизишти. Ошондон кийин алар Аны өлтүрүү үчүн айкаш жыгачка керип коюшту.
16
Ыйса ушундай жол менен өлөрүн дайыма билген. Ал ошондой эле Анын өлүмү Өзүнө ишенген ар бир күнөөкөргө кечирим алып келерин билген. Ыйсанын жанында эки каракчы айкаш жыгачка керилген. Бирөө Ыйсага ишенип – бейишке кеткен. Башкасы ишенген жок.
17
Бир нече саат азап тарткандан кийин Ыйса: “Аткарылды”, – деп жан берди. Анын иши акырына чыкты. Анын достору аны өзүнчө көргө коюшту.
18